**РЕФЕРЕНДУМДУ БАЙКОО БОЮНЧА ЧЕКТЕЛГЕН МИССИЯ**

**Кыргыз Республикасы – Конституциялык референдум, 2010-ж. 27-июну**

---

# Алынган маалыматтар жана божолдуу корутундулар жөнүндөгү Билдирүү

**Бишкек, 2010-ж. 28-июну** – Кыргыз Республикасынын бийлигинен чакыруу алынгандан кийин жана Керектөөлөрдү баалоо миссиясынын сунуштамасынын негизинде 2010-ж. 21-майында ЕККУнун Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюросу 27-июнда өтүүчү конституциялык референдумдун жүрүшүн байкоо максатында референдумду байкоо миссиясын түздү. Коопсуздук маселелерине байланыштуу 18-июнда ЕККУ/ДИАУБ референдумду улантылуучу байкоонун чегинде кыска мөөнөттөгү байкоочуларды жибербөөнү чечти. Миссия, Бишкек шаарындагы негизги команданын жана башында мамлекеттин бүт территориясында жайгаштырылган узак мөөнөттөгү байкоочулардын түзүмүндө Референдумду Байкоо боюнча Чектелген Миссия (РБЧМ) катары процессти байкоону улантты.[1]

ЕККУнун милдеттенмелерине жана башка эл аралык демократиялык шайлоо ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүсү боюнча референдумга баа берилген. Алынган маалыматтар жана божолдуу корутундулар жөнүндөгү жарыя процесстин бүтүшүнө чейин көрсөтүлөт. Референдумга акыркы бааны берүү башка этаптардын ишке ашышына, анын ичинде добуштарды саноо жана жыйынтыктарды жарыялоого, ошондой эле референдум күнүнөн кийин келип түшө турган арызданууулардын жана апеляциялардын жоюулушуна да байланыштуу болот. ЕККУ/ДИАУБ процесс бүткөндөн кийин төрт жуманын ичинде потенциалдык жакшыртуулар боюнча сунуштамасын камтыган толук акыркы отчетун чыгарат.

ЕККУ/ДИАУБдун РБЧМ боюнча стандарттык методологиягасына ылайык, миссия референдум күнү иш аракеттердин аткарылыш тартиби боюнча комплекстүү жана утурумдук байкоолорду жүргүзгөн эмес, бирок чектүү сандагы шайлоо участкалырын жана территориалдык референдум комиссияларын көрүп келген.

---

## Болжолдуу корутундулар

---

[1] 2010-ж. 12-13-июнунда Ош жана Жалал-Абад шаарларынан узак мөөнөттөгү байкоочулардын тобу чакыртылган. Коопсуздук маселелерине байланыштуу.

Кыргыз Республикасынын бийлиги курч кырдаалга карабастан 27-июнда конституциялык референдумдун процедураларын тынч өткөрүү үчүн керектүү шарттарды түзүүгө жетишкен. Айрым ачык кемчиликтер болгону менен, шайлоочулардын жарыяланган бийик катышуу деңгээли алардын мамлекеттин келечегин түзүүгө болгон тайманбастыгын жана каалоосун билдирет.

Кийинки демократиялык прогресске жетишүү максатында өтө турган парламенттик шайлоолорго чейин позитивдүү өнүгүүлөрдү түптөө жана кемчиликтерди жоюу үчүн кечиктирилгиз жана чечкиндүү чаралар талап кылынат. Эффективдүү демократиялык институттарга, укуктук, бардыгына коопсуздукту камсыздоо жана адам укуктарын коргоо ченемдердин негизинде демократияны орнотуу үчүн күчтүү саясий эрк керек.

Конституциялык референдум Ош жана Жалал-Абаддагы зомбулук конфликтер болуп жатканда өттү. Натыйжада, конфликт таасирин тийгизген жерлерде референдумга даярдык убактылуу токтотулган. Референдумга тартылган кызматчылардын көбүнүн көчүп кеткенине карабастан шайлоо администрациясы керектүү санда кызматчылар менен камсыздаганга жана референдум күнүнө карата шайлоо участкаларын ачканга жетишти. Андан тышкары, мамлекет ичинде көчүрүлгөн, күбөлөндүрүүчү документтери жок референдум катышуучулардын шайлоо укутарын коргоо үчүн тийиштүү коопсуздук шарттарын камсыздоо чаралары көрүлдү. Бирок качкындарга добуш берүү мүмкүндүгү болгон эмес. Өзбек коомчулугунун көрүнүктүү коомдук ишмерлеринин камалуусу менен коштолгон таралган коркунуч жана коркутуулар кээ бир катышуучулардын шайлоодон баш тартууга алып келгендиги ыктымал. Иш жүзүндө, түштүктө референдумга катышуу башка региондорго салыштырмалуу төмөн болду.

Укуктук негиз референдум өткөрүү үчүн жаңылууга алып келген жана карама-каршы базаны түздү. Мыйзамдарды өзгөртүү, андан дагы акыркы өзгөртүүлөр (техникалык жактан негизделген болсо дагы) референдум комиссиялардын жана башка кызыкдар тараптардын өз убагында кайсы мыйзам колдонулуп жаткандагы тууралуу маалымдалбай калгандыгына алып келип турду.

Референдумга коюлган маселе суроолордун композициясынан тургандыгы катышуучулардын бир чечим кабыл алышын оорлотту; “макул” деп добуш берүү конституциянын долбоорун жана Конституцияны күчүнө киргизүү Мыйзамынын кабыл алынышын камсыз кылып, 2011-ж. 31-декабрына чейин Роза Отунбаева айымды Президенттике бекитип, Конституциялык Сотту таркатмак. Бир коюлган маселе катышуучулардын ар бир үч суроо боюнча өзүнчө так оюн билдирүүгө тоскоол болду.

Өзгөчө курч кырдаалды жана кыска мөөнөттү эске алганда, Борбордук Шайлоо Комиссиясы (БШК) ачык, коллегиалдуу жана өз убагында процессти администрлештирүүнү ишке ашырып жатты. БШК отурумдары баардык байкоочулар жана ММК үчүн ачык өттү. Мындай ачыктык төмөнкү деңгээлдеги комиссиялар менен сакталган. Позитивдүү кадам катары административтик жана саясий таасирди азайтуу жана тийиштүү түзүмдү камсыздоо жана коомдук

ишеничке түрткү болуу үчүн төмөнкү комиссияларды тандоо процесси өзгөртүлгөн. БШКнын кароо практикасы аз сандагы арызданууларды карагандыгы даттануучуларга эффективдүү жана өз убагында укук коргоо каражаттарын берген жок.

Үгүттөө кампаниясы токтоолугу менен өзгөчөлөнгөн, көпчүлүк партиялар “макул” деп добуш берүүгө үгүттөгөн. Уюштурулган “макул” жана “каршы” добуш берүүгө үгүттөө байкалган жок. Референдум күнүнө жакын бүт партиялар менен өткөрүлгөн үгүттөөнүн маңызы сунушталган конституциянын маселелерине эмес абалды стабилдештирүү жана Убактылуу Өкмөттүн лигитимдүүлүгү тууралуу маселеге байланыштуу болду. Негизинен, саясий партиялардын конституциянын долбооруна “макул” же “каршы” эркин үгүттөөгө мүмкүнчүлүгү болгон. Бирок, коркунуч жана түштүктөгү коопсуздук абалы референдумга чейин акыркы эки жуманын ичинде активдүү агитациялоого тоскоол болуп жатты. Конфликт кээ бир саясий партияларды жана жарандык коомдун активисттерин референдумду кийинкиге калтырууну чакырууга муктаж кылды.

Эл аралык колдоо аракети менен, бийлик конституциянын долбоорун талкулоо, кеңири жайылтылышына, калкты шайлоого стимулдаштыруу үчүн бардык аракеттерди көрдү. Көп учурда мамлекеттик кызматкерлер шайлоочуларды маалымдоо жана “макул” деп добуш берүү агитациясынын чектерин аралаштырып жатышты.

Салыштырмалуу плюралисттик медиа-чөйрөсү 10-июндан баштап түштүктөгү коопсуздук маселелерге көп көңүл беришине карабастан, референдумду кеңири чагылдырып берди. Мамлекеттик ММК жарандык коомго жана референдум катышуучуларына окутууну уюштуруу боюнча, катышычулардын ойлонуп референдумда катышуусун мүмкүн кылуу менен өз милдеттерин аткарды, аны менен референдумга катышууга мүмкүнчүлүк түздү. Бирок жаңылыктарды берүүдө “макул” позициясына колдоо көрсөтүлдү.

Өзүнүн туруктуу жашаган жеринен тышкары шайлоо участкасында добуш бериши үчүн шайлоочулардан «открепительный талонду» талап кылуу алынып салынган. Ага кошумча, ар бир катышуучу референдум катышуучуларынын тизмесинде жок болсо дагы, күбөлөндүрүүчү документтери жок, бирок, эгер участкалык референдум комиссиясы менен таанылса добуш бере алат. Бирок, бул чаралар шайлоону жалпыга камсыз кылууга багытталганы менен, кайталап добуш берүүгө каршы катышуучунун бармагын сыя менен белгилөө жалгыз гана кепилдик болгон. Ал референдум максаттары үчүн калыбына келтирилген.

Шайлоо участкалары мамлекет боюнча, анын ичинде түштүктө да өз убагында ачылды жана жакшы даярдалганы көрүнүп турду. Участкаларда процедуралар белгиленген тартипке ылайык өтүп жатты. Байкоо учурунда УРК мүчөлөрү профессионалдык деңгээлде процедураларды жүргүзүүсү жана процессти алып жүрүүсү байкалган. Бирок кээ бир байкалуучу участкаларда колго коюлган сыяны текшерүү процесси тийиштүү түрдө болгон жок. Андан тышкары, референдум катышуучунун чечими көп учурда ачык болуп жатты, анткени

тийиштүү түрдө бюллетень бүктөглгөн эмес, ал добуш берүү сырын бузушу мүмкүн. Байкалуучу жыйынтыктарды саноо жана жыйынтыктоо процессине оң каралган жок, анткени комиссия мүчөлөрү белгиленген процедураларды сактаган эмес, же алар жөнүндө билген эмес. БШК кечиктирүүсүз шайлоонун жыйынтыктары боюнча протоколдорду жарыялап турду, аны менен катышуучуларга добуш берүүнүн жыйынтыктары так берилгендигин салыштырууга мүмкүндүк түзүлдү. БШК добуш берүүгө келүү 69,48% болду деп жарыялады.

## Болжолдуу жыйынтыктар

### Кыскача тарых жана саясий кырдаал

Курманбек Бакиев, Президент Аскар Акаевди кетирген элдик көтөрүлүштөн кийин 2005-жылдын июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланган. 2009-жылдын июлунда шайлоонун жыйынтыгында Бакиев мырза кайра шайланган, ал ЕККУ/ДИАУБнун берген баасы боюнча **“**ЕККУнун негизги милдеттенмелерине жооп берген жок**”.**

2010-жылдын 7-апрелинде күч колдонуу менен коштолгон наразычылык акциялары Президент Бакиевтин качып кетүүсүнө алып келди. Отунбаева айым башында турган, жаңы түзүлгөн убактылуу өкмөт “демократияга кайра келүү” программасын жарыялаган, анын максаты демократиялык мамлекетке тынч өтүү болуп саналат. Болгон мыйзамдарды, өзгөчө Конституцияны, карап чыгуу өткөөл мезгилде негизги кадам катары табылган, жана жаңы Конституцияны кабыл алуу референдуму 2010-жылдын 27-июнуна белгиленген. Конституциянын долбоору улуттук жана эл аралык кызыкдар тараптары менен кеңешүүсүнүн жыйынтыгы болуп эсептелет жана семи-парламенттик системага негиз болот. Ошондой эле убактылуу өкмөт 2010-жылдын 10-октябырын Парламенттик шайлоо деп белгиледи жана 2011-жылдын октябрында президенттик шайлоону өткөрүүнү сунуштады. Конституциянын долбоорунда Отунбаева айымдын экинчи мөөнөткө, 2011-ж. Президенттик постко талапкерлигин коюуга укугу жоктугу каралган.

10-июнунан баштап Ошто жана Жалал-Абадда кыргыздар жана өзбектер ортосундагы агрессивдүү кагылышуулар болуп өттү, ал жыйынтыгында көп сандагы курман болгондорго жана калктын көчүүлөрүнө алып келди. Бул өлкөнүн ушул бөлүгүндө референдумга даярдыкка болгон жана коопсуздук абалы боюнча кеңири жайылган тынчсыздануну алып келди. Кийинчирээк Ош жана Жалал- Абад областарынын көпчүлүк бөлүгүндө өзгөчө кырдаал киргизилген, ал ал референдум күнүнө чейин алып салынган. Бир нече саясий жана жарандык коомдун активисттери рефендумду кийинкиге калтырууну жана өткөрбөөнү талап кылышты.[2] Элди ушундай жагдайда добуш берүүсүн суроо орундуу эместигине жана эгер көп көчүп кеткен эл добуш бере албаса

[2] Бул партиялардын катарына *Акыйкат* (Правосудие), *Ата Журт* (Родина), *Бүтүн Кыргызстан* (Единый Кыргызстан), *Эл Арманы* (Судьба Народа), *Кыргызстан Коммунисттер Партиясы* (ККП).

жыйынтыктардын лигитимдүүлүгү күмөн боло тургандыгын айтышкан. Убактылуу Өкмөт, тескеринче, пландаштыргандай референдумду өткөрүүнү камсыз кылууга даярдыгын дайыма белгилеп турду.

**Укуктук негиз**

Референдумга укуктук негиз жаңылышууга алып келүүдө жана процессти толугу менен жөнгө салган жок Ал 2007-жылдын Конституциясына жана 2007-жылдын Референдум жөнүндөгү Мыйзамга, ошондой эле 2007-жылдын Шайлоо Кодексинин бир нече жоболоруна жана 2004-жылдын Шайлоолор жана Референдум боюнча Борбордук Комиссия жөнүндөгү Мыйзамына негизделет. Бул мыйзамдарга толуктоо болуп Убактылуу Өкмөттүн Декреттери жана БШКнын чечимдери кабыл алынган. Убактылуу Өкмөт, анын декреттери ченемдик акты катары көрсөтүлөт, ошондуктан мыйзамдуу күчкө ээ деп чечти. Мыйзамдарды эске алганда бул позиция талаш-тартыш туудурушу мүмкүн.[3] № 19 жана 20 Декреттер конституциялык мыйзамдар, эгер алар декреттерге карама-каршы келбесе, ошону менен иерархиялык нормада декреттерди конституциялык мыйзамдардан жогору коюп, референдумду администрлештирүүнү багыттайт деп аныктайт. Андан тышкары, 12-апрелде Конституциялык Сот таркатылган.[4] Укуктук негиздин өзгөрүлүп туруусу жана даярдык учурунда киргизилген өзгөртүүлөр референдум комиссиясы жана шайлоо процессинин катышуучулары мыйзамдардын колдонулушун жана өзүлөрүнүн укуктарын туура түшүнө бербестигин билдирет.

Убактылуу өкмөттүн декреттери референдумга коюлган эрежелерди жалпысынан сактаган, бирок кээ бир жаңы жоболор түшүнүксүздүккө алып келди жана карама-каршы чечмелөөгө жол берилген. Мисалы, 2007-ж. Конституциясында жана Референдум жөнүндөгү Мыйзамда, эгер добуш берүү укугуна ээ катышуучулар добуш берүүгө 50 пайыздан кем эмес келсе, референдум өттү деп каралган. Бирок, бул талап № 20 Декретте жок. Бийлик өкүлдөрү тарабынан жасалган бир катар карама-каршы келүүчү билдирүүлөр коомчулуктун бул талаптын кабыл алына тургандагынын түшүнбөгөнүнө алып келди. Андан тышкары, 2007-ж. Конституциясы боюнча өзгөчө кырдаал жарыяланганда референдум өткөрүүгө болбойт. Ал эми, № 20 Декрет, эгер өзгөчө кырдаал киргизилген жерде шайлоо укугуна ээ болгон катышучулардын саны жалпы шайлоочулардын жарымынан кем болсо референдум өткөрүүгө болот.

Референдумга коюлган маселе ар түрдүү суроолорду камтыйт, бирок катышуучулардын бир жооп берүүсүн талап кылат.[5] Бул колдонуудагы

---

[3] Убактылуу Өкмөттүн № 8 Резолюциясы (2010-ж. 10-апрели). 2009-ж. Ченемдик Актылар жөнүндө Мыйзам дееертти статуска ээ деп таанылбайт. Конституциялык Сот укуктук актылардын конституцияга ылайык келүүсүн караган жалгаз бир орган болгон
[4] Убактылуу Өкмөттүн №2 Декрети (201-ж. 12-апрели)
[5] Референдумга коюлган маселе катышуучулардан убактылуу өкмөт рефендумга (элдик добуш берүү) долбоор түрүндө койгон Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясын күчүнө киргизүүнү кабыл алуу боюнча чечимин талап кылат. Акыркы мыйзам Конституциялык Сотту таркатуу жана Отунбаева Роза айымды 2011-ж.

мыйзамдарга[6] жана референдумдарды жакшы өткөрүү практикасына карама-каршы, анткени алар коюлган суроо бир болушун талап кылат. Ошондой эле, бул маселе ар башка иерархиялык деңгээлдерге бир учурда колдонулбашы туура болмок. Бир маселе үч башка суроо боюнча катышуучулардын оюун билдирүүсүнө тоскоол болгон. Катышуучулардын бир маселе боюнча оң чечими болсо, экинчи маселе боюнча каршы болушу мүмкүн.[7]

## Референдумду администрлештирүү

БШК башында турган төрт деңгээлдүү администрация референдумду администрлештирүүнү жүргүзгөн. Убактылуу өкмөт мурунку БШКны таркатып, референдумду, парламенттик жана президенттик шайлоолорду уюштуруу үчүн жаңы 15 мүчөдөн турган комиссияны шайлаган.[8] БШКнын түзүмүнө саясий партиялардан сегиз жана жарандык коомдон жети өкүл кирет. Андан тышкары алты орун эл аралык эксперттерге берилген, анын ичинен, бир орун гана ээленген.

БШКдан төмөн 7 областтык, Бишкек жана Ош шаардык Шайлоо Комиссиялары (ОШК), 56 Территориалдык (райондук жана шаардык) референдум комиссиялары (ТРК) жана 2,281 Участкалык Референдум Комиссиясы (УРК) бар. Кошумча БШК 31,603 чет мамлекетте катталган жарандары үчүн 22 өлкөдө 38 Участкалык Референдум Комиссияларын уюштурган.

Администрациялык жана саясий таасирди азайтуу, ошондой эле тийиштүү түзүм менен камсыз кылуу үчүн төмөнкү комиссиялардын мүчөлөрүн тандоо процесси өзгөртүлгөн. Бул аракет улуттук байкоочулар менен жактырылган жана коомдук ишеничке жетүүгө жардам берди. БШК тандоонун процессин өзгөрттү, мүчөлөрдүн жарымынан көп эмес саясий партиялардын сунушу менен, ал эми экинчи бөлүгү референдум катышуучулардын чогулушунан дайындалат.[9] Референдум бүткөнгө чейин ОШКсында эч кандай өзгөртүүлөр болбойт деп чечти.[10] БШК ОШКны четке чыгарып, ТРК мүчөлөрүн дайындады. Саясий партиялардан керектүү кандидаттардын саны УРКга келип түшпөгөнүнө карабастан ТРКнын жана УРКнын мүчөлөрү негизинен белгиленген мөөнөттө дайындалган.[11]

---

31-декабрына чейин Президент катары бекитүү тууралуу убактылуу өкмөттүн №2 жана №39 декретине карайт.
[6] Референдум жөнүндөгү Мыйзамдын 7.2-беренеси.
[7] Европа Кеңешинин Венеция Комиссиясынын референдумдагы жакшы тажрыйба Кодекси http://www.venice.coe.int/docs/2007/CDL-AD(2007)008rev-e.asp.
[8] Убактылуу Өкмөттүн 2010-ж. 21апрелиндеги № 19 Декрети жана №22 Токтому (2010-ж. 30-апрели).
[9]БШКнын Референдум Комиссиясын уюштуруу жана таркатуу эрежелери (2010-ж. 30-апрели) беш шайлоочудан кем эмес топту белгилейт, алар өз учурунда тийиштүү комиссияга өзүлөрүнүн аты жөнү тууралуу жана чогулуштун протоколун тапшырат.
[10] Референдум жөнүндөгү Мыйзамдын 16.2-16.4-беренесине ылайык ОШК беш жылдык мөөнөткө дайындалган орган болуп эсептелет, ал эми ТРК жана УРК референдумга карата белгиленилет.
[11] Чүй областынан тышкары , бардык региондордо байкалат.

БШК ТРК жана УРКнын мүчөлөрүн окуудан өткөрдү. Ал ЕККУ/ДИАУБдун РБЧМ тарабынан оң бааланган, эгер убакыт көбүрөөк бөлүнгөн учурда көбүрөөк ийгиликке жетмек.[12] ТРКлардын тажрыйбасыздыгы жергиликтүү администрация аларга айрым учурларды жардам бергендигин билдирет, бул комиссиянын көз карандысыздыгына шек келтирилишин көргөздү.[13]

БШКсы өзгөчө оор жагдайды жана кыскартылган убакыт графигин эске алуу менен референдумду жүргүзүү процессин ачык, коллегиалдуу жана өз убагында алып барды.[14] БШК отурумдары бардык байкоочуларга жана ММК үчүн ачык болду, ал эми чечимдери сайтка чыгып турду. Мындай ачыктык төмөнкү деңгээлдеги комиссияларда дагы сакталды. БШК процедураларды аныктоо жана аларды убактылуу өкмөт чыгарган декреттерге ылайык келтирүү аракеттерин жасады.[15] Кээ бир декреттер жана БШКнын токтомдору[16] кеч чыгарылгандыктан өз убагында төмөнкү деңгээлдеги комиссияларга же добуш берүүчү коомчулукка жеткен эмес.

Өлкөнүн түштүгүндө катуу кагылышуулар референдумду администрлештирүүдө кыйынчылыктарды туудурду. Ош жана Жала-Абаддагы УРКнын көп мүчөлөрү катышуудан баш тартышкан же табылган эмес. БШКсы ыкылаптар өткөн региондордун абалына баа берип, комиссиянын жаңы мүчөлөрүсү катары өзүлөрүнун кандидаттарын көрсөтүүсүн саясий партияларга жана шайлоочуларга кайрылды. Натыйжада, кошумча дагы 87[17] жаңы комиссия мүчөлөрү чакырылган жана бардык 82 шайлоо участкалары референдум күнү толугу менен ачылды. Ал эми, Ош шаарында биринчи даярдоо сабагы өткөндөн кийин алты комиссия кызматчыларынын уурдалышы референдумга тартылган элдин арасында корнучту күчөтүп, андан ары окутуу токтотулган.

Мамлекет ичинде көчүрүлгөндөргө көп учурда аты-жөнүн тактабай туруп шайлоо укутарын берүү үчүн чаралар көрүлдү. Бирок качкындарга добуш берүү мүмкүндүгү берилген жок. Кээ бир шайлоо участкалары өз документтерин жоготкон же зомбулук актыларына байланыштуу көчүп кетишкен референдум катышуучуларынын шайлоо укуктарын камсыз кылууга багытталган акыркы чечимдер тууралуу маалыматты билбегендигин улуттук байкоочулар билдиришти.[18]

---

[12] ТК тренинги бир күн болот, УРК жарым күнгө кыскартылган.
[13] Чүй областында жана Балыкчыда байкалгандай.
[14] Убактылуу өкмөттүн № 20 Декрети (2010-ж. 21-апрели) жана № 22 Токтому (30-апрель) менен даярдоо мөөнөтү үч айдан эки айга чейин кыскартылган (Референдум жөнүндөгү Мыйзамдын 14.2-беренесинде каралган).
[15] Өзгөчө добуштарды санаганда жана шайлоону жыйынтыктаганда, документтердин коопсуздугу жана байкоочуларга жана ММКга жеткиликтүүлүгү.
[16] 8-июнга катышуучулардын тизмеси УРК жеткирилген, бирок БШКнын жок жарандарды алып салуу эрежеси 14-июнда кабыл алынган. УРКнын көпчүлүгү окуудан өткөндөн кийин Убактылуу өкмөттүн 10-июнда (№ 63), 17-июнда (№73), 23-июнда (№80)чыгарган Декреттерине негизделип21 жана 23 июнда добуш берүү процедурадары өзгөртүлгөн.
[17] Жалпы санынан 864 мүчө
[18] Ош шаарында байкоочу болгон Демократия Коалициясы жана Жарандык Коом, бир нече күбөлөндүүрүчү документтери жок адамдар шайлоо уаткасынын кызматчылары менен кайра артка жиберилген, анткени алар добуш берүү бюллетендери жетишпей калат деп коркушкан.

## Шайлоочуларды каттоо

Катталбаган миграциянын жана эмиграциянын чоң масштабына байланыштуу катышуучулардын тизмесин (КТ) түзүү сапаты жана тактыгы тынчсыздандырууну туудурду. Короолоп текшерүүнүн натыйжасында Убактылуу өкмөт жана БШК бир нече жолу жергиликтүү деңгээлде катышуучулардын тизмесин тактоого аракет кылды. Туугандарынын жана кошуналарынын жазуу түрүндөгү күбөлөндүрүүлөрүнө таянып минграныттар тизмеден чыгарылып салынышы мүмкүн болгон.[19] ЕККУ/ДИАУБ мамлекет боюнча текшерүүлөрдүн ар түрдүү стандарттарын байкаган, ал кээ бир катышуучулардын текшерүү убагында жок болгондугуна байланыштуу тизмеден чыгарылып калынышына алып келди.[20]

Убактылуу өкмөт дагы, БШК дагы катышуучулар боюнча маалыматты регионалдык жана улуттук кайчылаш текшерүүнү, техникалык каражаттардын бар болгондугуна карабастан боло турган кайталанууларды жоюу үчүн өткөргөн эмес. Позитивдүү жагдай, БШК байкоо боюнча жергиликтүү уюмга 80 участкада катышуучулардын тизмесин текшерүү укугун берген.[21]

Катышуучулардын тизмеси өз убагында чыгарылып турган. БШК катышуучулардын тизмесин коомдук тактоого берүүгө уруксат берген. Бирок, ар бир УРК бирден гана көчүрмө алгандагынан илинген эмес, бирок офисте карап билүүгө мүмкүндүк болгон.

Убактылуу өкмөт референдум күнүндө катышуучу туруктуу жашаган жеринде болбогон учурда ажыратуучу күбөлүгүнүн керектигин алып салган.[22] Бул мамлекеттин ичинде, катышуучуга каалаган шайлоо участкасында добуш берүүгө мүмкүндүк түздү. Башка декрет менен мамлекет ичинде, Ош жана Жалал-Абад областарында көчүрүлгөн жарандардын шайлоо укугун коргоо үчүн кабыл алынган, ал декрет ар бир жаран катышуучулардын тизмесинде жана күбөлөндүрүүчү документи жок болсо, бирок УРКда таанылса добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берди.[23] Ошол эле учурда катышуучунун бармагын белгилөө тажрыйбасы калыбына келтирилген жана бир нече жолу добуш берүү мүмкүндүктү жоюунун бир кепили болду.

БШКнын маалыматы боюнча 7-июнга карата референдум катышуучуларынын катталаган жалпы саны 2,726,481. Так маалымат чыгарылган жана кошулган катышуучулардын санын тактоо үчүн бардык проколдор чогулткандан кийин чыгат.

---

[19] Убактылуу өкмөттүн №53 Декрети (2010-ж. 27-июну)
[20] Нарында үч бөлөк текшерүү учурунда жок болсо, Жалал-Абадда жана Бишкекте кошуналарынын оозеки күбөлөндүрүүсү тизмеден катышуучуну алып салууга жетиштүү болгон
[21] 20-июнга чейин катышуучунун тизмеден чыгышы берилбегендиктен, текшерүүлөрдүн жыйынтыктары референдум күнүно чейин жарыяланган эмес.
[22] Убактылуу өкмөттүн № 63 Декрети (2010-ж. 10-июну)
[23] Убактылуу өкмөттүн № 80 Декрети (2010-ж. 23-июну)

## Жарандык түшүндүрмө иштери жана референдум катышуучуларын окутуу

Өз чечимин билдирүүгө катышуучуларды колдоого жана аларды конституциянын добоорунун маңызын маалымдоого аракет жасалган. БШК жергиликтүү өз алдынча башкаруунун колдоосу менен, көчө баннерлери, теле- жана радио программалары аркылуу шайлоого катышууну стимулдаштыруу боюнча чоң масштабтагы кампанияны жүргүздү. Шайлоого катышууну стимулдаштыруу боюнча иш чараларды убакытка ылайык бөлүштүрүүлүшүнө байланыштуу түштүктөгү көчүрүлгөн жактарга так маалымат берүүгө мүмкүн болгон жок. Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү күбөлөндүрүүчү документтерге болгон өзгөрүлгөн талаптар тууралуу жана жарандар өзүнө жакын жайгашкан шайлоо участкасында ажыратуучу күбөлүгүн көрсөтүүсүз добуш бере алгандыгы жөнүндө ММКда жарыя берип турушту.

Ар кайсы уюмдар жана мекемелер Конституция боюнча жарандарга түшүндүрмө иштерин жүргүзүштү. УРК жана жарандык коомдун өкүлдөрү 630, 000 миң баракчаларды жана брошюраларды, жана Конституциянын долбоорунун кыргыз жана орус тилдеринде 1.8 миллион, өзбек тилинде 10,000 көчүрмөсүн таратты. Өкмөттүк эмес уюмдар өткөргөн тегерек столдор жана коомдук чогулуштар өлкөнүн бир нече чоң жана кичи шаарларда өткөрүлүп, теле- жана радио программалары аркылуу берилип турду. Коопсуздук маселелерине байланыштуу тегерек столдорду түштүктө өткөрүүнү токтотууга туура келди. ЕККУ/ДИАУБдун РБЧМнын байкоочулары бейтарап талкууну стимулдаштырбастан жарандык түшүндүрмө конституциянын долбооруна "макул" деп добуш берүүнү колдоо боюнча иш чаралар көрүлүп жаткандыгын белгилешти.[24] Жергиликтүү администрация мектеп мугалимдерин жана башка мамлекеттик кызматчыларды "макул" деп добуш берүүнү стимулдаштырууга тартышты.[25]

## Үгүтөө чөйрөсү

Референдум маселеси боюнча үгүтөө кампаниясы токтоо болуп жатты; көрүнүктүү жана уюштурулган "макул" жана "каршы" үгүтөө байкалган жок. Саясий партиялар, алардын көңүлү референдумга караганда жакында өтө турган парламенттик шайлоого багытталгандыгын айтышты.

"Макул" позициясын колдоо менен убактылуу өкмөттүн негизин түзүп турган үч партия чыкты: *Кыргызстан Социал-демократиялык партиясы* (КСДП), *Ата Мекен* (Отчизна) жана *Ак Шумкар* (Белый сокол). "Макул" топторуна бирикмелер негизги билдирүүлөргө түрткү болду, алар өлкөдөгү абалды стабилдештирүү керектигине жана убактылуу өкмөткө мыйзамдуулукту тартуулоого тиешелүү. Референдум маселеси боюнча агитациялык кампаниянын жүрүшүндө "каршы" позициясы эч бир ачык билдирилген эмес. Бирок бир нече партиялар, алардын ичинде *Бүтүн Кыргызстан* (Единый

[24] Каракол (4-июнда) жана Нарында (22-июнда) байкалгандай
[25] Чүй областынын Москва районунун Беловодский айылында 21-июнда жана Ысык-Көл облатында байкалгандай

Кыргызстан), *Ата Журт* (Родина) жана *Эл Арманы* (Судьба Народа) референдумга каршы чыгып кийинкиге калтырууга же башка каражаттар менен лигитимдикке жетүүгө чакырышты. Алар конституциянын долбоорунда президенттин ыйгарым укуктарын кыскартууга каршы чыгып жана бир нече суроону референдумда бир маселе болуп коюлушуна сын пикир айтышты.

Агитация методдору негизинен чыгып сүйлөө сөздөрү, алар прессада жарыяланган, социалдык жана үй-бүлөлүк байланыштарды пайдалануу жана кичи коомдук митингтерди камтыйт.[26] Мамлекеттик кызматкерлер референдум жөнүндө коомчулукту маалымдоо менен “макул” деп добуш берүү боюнча активдүү агитацияны аралаштырып жатышты.[27]

Негизинен, саясий партиялардын конституциянын долбооруна “макул” же “каршы” агитацияны эркин жүргүзүүгө мүмкүндүгү болгон. Алардын иш аракетин ишке ашырууда эч бир тосукоолдуктар жөнүндө билдирилген эмес. Бирок Ош жана Жалал-Абад шаарларында коркунуч жана коркутуулар, ошондой эле коопсуздук абал референдумга чейин акыркы жумаларда үгүттөөну активдүү өткөрүүгө тоскоол кылды. Референдум программасы башка калкты тынчсыздандырган, коомдук дебаттарды туудурган маселеге байланыштуу сүрүлүп чыгарылды.

**Массалык маалымат каражаттары**

2007-ж. Коснтитуциясы эркин ой билдирүүнү негизги адам укугу катары таанайт. Массалык маалымат каражаттарына тиешелүү мыйзамдарга ылайык референдум маселеси боюнча агитация учурунда ММК агитацияга бирдей шарттырды камсыздоого тийиш.[28]

Массалык маалымат чөйрөсү салыштырмалуу ар түрдүү болуп саналат жана ар түрдүүлүктүн адекваттуу деңгээлин талап кылат. Өлкө боюнча иштеген көп сандаган берүү компаниялары менен радио жана телекөрсөтүүлөр Кыргызстан жарандарынын негизги маалымат булагы. Кыргыз жана орус тилдеринде басылган ММК ар түрдүү, бирок айылдарда чектүү санда гана таратылат. ЕККУ/ДИАУБнун РБЧМнын аңгемелештери журналисттер арасында өзүн өзү цензуралоо практикасы тынчсыздандрууну алып келүүдө деп жатышат.[29] Бирок, референдумга байланыштуу ММКга эч кандай басым белгиленген жок, ММК референдум тууралуу ММКэркин түрдө маалымат берип тура алышты. ЕККУ/ДИАУБнун РБЧМсы ММК боюнча мониторингти жүргүзүдү.[30]

---

[26] Ысык-Көл жана Нарын областарында ЕККУ/ДИАУБнун РБЧМнын байкоосу боюнча
[27] ЕККУ/ДИАУБнун РБЧМнын Бишкекте, Чүй областында, Ысык-Кол областынды жана ММК мониторинг жүргүзүү тобунун байкоосу бонча
[28] Референдум жөнүндөгү Мыйзамдын 30.1 жана 31.1-беренеси
[29] Бишкек, Ош жана Таластан болгон билдирүүлөр боюнча
[30] Мониторинг мөөнөтү 27-май – 27-июнь; ТВ-каналы (18:00-24:00): Улуттук Телерадиокомпания (УТРК) ТВ, *Коомдук телерадиокомпания* “ЭЛТР”, 5-Канал, *Пирамида, Новая телевизионная сеть* (НТС), *Независимое Бишкекское Телевидение* (НБТ); радиостанциялар (18:00-24:00): УТРК *Азаттык* Радиосу; газеталар: *Аaалам, Агым, Кыргыз Туусу, Эркин Тоо, Слово Кыргызстана, Вечерний Бишкек, Моя Столица Новости* (МСН), *Дело Номер, Комсомольская Прада, Аргументы и факты.*

Негизинен мамлекет каржылаган  телерадиокомпания (УТРК ТВ) 34 пайыз өзүнүн референдум маселеси тууралуу жаңылык программаларын, ал эми башка каналдар – 32ден 47 пайызга чейин көрсөттү.[31] Андан тышкары, УТРК бир нече программаларын[32] берди. Ал берүүлөрдө Конституциялык Кеңешменин мүчөлөрү[33], жарандык коомдун өкүлдөрү жана эксперттери конституциянын долбооруна өзгөртүүлөрдү талкуулашты. Рефендумга чейин бир жума бою УТРК ТВ, ЭЛТР жана УТРК Радиосунда референдумдун катышуучуларын маалымдоо программалары берилди.Ош жана Жалал-Абаддагы кагылуушуулар ММК конституциялык маселелерди берүүдөн түштүктөгү абалды берүүгө өткөн.

БШКнын агитациялык иш чараларды көрүү эрежелеринде[34] мамлекеттик ММК атандааш топторго бекер эфирге чыгуу жана аянт берүүсү каралган, бирок бир дагы топ бул маселе менен кайрылган жок. 21-июндан баштап Ата Мекен партиясы гана акы төлөнүүчү референдум жөнүндө ролик телевизордон көргөздү. Токтоо агитациясы ММКда “макул” жана “каршы” позициялар аралык дебаттарды минимумга алып келди. ЕККУ/ДИАУБ жүргүзгөн мониторинг ММКнын электрондук жаңылык берүүлөрү “макул” вариантына карата өткөндүгүн белгиледи. УТРК ТВ 36 пайыз берүүлөрүн “макул” позияциясына жана 63 пайыз референдум тууралуу бейтарап маалыматтарга берген. “Каршы” позициясы ММКда жокко эсе, бул көрүнүктүү жана уюштурулган “каршы” кампаниясынын жоктугу менен түшүндүрүлөт. Мамлекеттик кызматкерлер тарабынан конституциянын долбоорун колдоо агитациясын жүргүзүп жаткандыгы байкалган. Телевидение жана радиодо 80 пайыз жаңылык программаларында Убактылуу өкмөт чагылдырылган.[35]

Басма ММКны байкоо референдум тууралуу терең чагылдырды, бирок басма ММК көп учурда “макул” позициясын колдоого багыттылган. Расмий газеталар, *Слово Кыргызстана* жана *Кыргыз Туусу* Конституциянын долбоорун жарыялаган. *Вечерний Бишкек* жана *Дело Номер* жеке газеталарда Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу сын пикир чагылдырылган. Ага карабастан ММКда “каршы” добуш берүү чакырыгына үндөө болгон жок

Мониторинг жүргүзүлгөн бардык электрондук жана басма ММКлар “Тынч күнү” (“День тишины”) үгүттөөгө коюлган талаптарды аткарыды.

### Аялдардын катышуусу

---

[31] *ЭЛТР*, 43 пайыз; 5-Канал, 41 пайыз; *Пирамида*, 32 пайыз; НБТ, 46 пайыз; НТС, 34 пайыз; УТРК Радио, 40 пайыз; *Азаттык*, 47 пайыз.

[32] Ачык Сөз, Жаңы башат, Суроолор, Сынак сыяктуу программалар. Кошумча УТРК Конституция долбоорунун беренелери экранда көрсөтүлүп, кыргыз жана орус тилдеринде угуза окула турган ТВ роликтерди  берип турду.

[33] Убактылуу Өкмөт 75 мүчөдөн турган Конституциялык Кеңешти түзүп, конституциянын долбоорун иштеп чыгууну жүктөгөн.

[34] 2010-ж. 7- майындагы БШКнын Кыргыз Республикасында референдумга даярдык жана өткөрүү учурундагы эрежелери.

[35] УТРК ТВ – 82 пайыз*; ЭЛТР* – 89 пайыз; 5-Канал – 80 пайыз; НБТ - 57 пайыз; НТС 81 пайыз; *Пирамида* 71 пайыз; УТРК Радио 82 пайыз; *Азаттык* 81 пайыз.

Кыргыз Республикасынын саясий турмушунда аялдар жетиштүү көрсөтүлгөн эмес. Отунбаева Роза айым башында турган Убактылуу өкмөттө 7 улук мамлекеттик чиновник-аял, салыштырмалуу, 22 чиновник-эркек. Алардан айырмаланып агитацияда жана коомдук турмушта, өзгөчө жарандык коомчулукта аялдар активдүү роль ойнойт. Ошондой эле, баардык деңгээлдеги референдум администрациясында аялдар көрсөтүлгөн; БШКнын түзүмүндө 38 пайыз, ОШКнын түзүмүндө 40 пайыз. Аялдардын УРК түзүмүндө мүчөлүгү бийик экени байкалган.

## Улуттук азчылыктардын катышуусу

Кыргыз Республикасында эң чоң азчылык улуттардын тобун өзбектер (14.7 пайыз) жана орустар (8.3 пайыз) түзөт.[36] Орус коомчулугу негизги саясий партияларга кошулуу тенденциясына ээ болсо, өзбек коомчулугу тескеринче конституциянын долбоорунда этникалык өзбек коомчулугунун коомдук жана саясий турмушта, ошондой эле коопсуздук органдарында жана укук коргоо органдарында катышуу жана өкүлчүлүктү стимулдаштыруучу атайы механизмдери жок деп наарazычылыгын билдирди.

Ош жана Жалал-Абадда күч колдонуу менен өткөн кагылышуулар жарандардын көп санда көчүшүнө алып келди. Коопсуздук маселелери коркунуч туудургандыктан жүрүү эркиндиги чектелди жана өз ара аракеттешүүнүн бузулушу кыргыздардын жана өзбектердин чогу комиссия түзүмүндө иштешин жокко чыгарды. Кээ бир өзбек диаспораларынын убактылуу өкмөттү жана анын агитациясын башында колдоп жаткан өкүлдөрү улуттук жек көрүүгө чакыргандыгы жана зомбулук актыларында катышкандыгы үчүн күнөөлөнүп кармалган. Бул ого бетер өзбек коомчулугун референдумдан баш тартуусуна алып келди.

## Арыздануулар жана аппеляциялар

2007-ж. Конституциясында жана башка мыйзамдарда мыйзамдык канаатандыруу укугу каралган.[37] Шайлоо укуктары бузулган учурда референдум катышуучулары арыздануу демилгесин көтөрүүгө укуктуу. Референдумга байланыштуу талаш-тартыш юрисдикциясы референдум комиссиясынын жана соттордун ортосунда бөлүштүрүлөт. Мындай талаш-тартыштарда Жогорку Сот жогорку инстанция болуп саналат.

№ 20 Декрет менен арызданууларды кароонун белгилүү мөөнөттөрү каралган.[38] Ошондой эле, референдум комиссиялары жана соттор референдумга чейин бир күн калганда же референдум күнү демилгенленген арыздануулар боюнча кечиктирилгиз чечимин чыгарууга тийиш, бул оң көрүнүш болуп саналат.

---

[36] Кыргыз Республикасынын Статистика Комитети, 2009-ж. http://www.stst.kg/rus/part/cencus.html.
[37] Укутук негиз бөлүгүн караңыздар
[38] Чечим кабыл алынган күндөн тартып үч күндүн ичинде арыздануулар берилиши керек, жана түшкөн күнүнөн тартып үч күндүн ичинде каралууга тийиш.

Референдумга даярдык көрүлүп жатканда БШКга арызданy аз санда келип түшкөн. Сотторго арыздануу келип түшкөн жок. Түшкөн арыздануулардын көпчүлүгү референдум комиссиясынын түзүмүнө байланыштуу. БШК арыздануyларды комиссиянын мүчөсүнө жиберген, бирок алар БШКнын отурумдарынан тышкары каралган жана кат түрүндө гана жооп берилген, бул мыйзамга туура келбейт. Көп учурда арыздар өз убагында каралган эмес. Жыйынтыгында, арыздануулар боюнча эффективтүү чечимдер чыгарылган эмес.

Райондук соттор арыздануyларды өз учурунда кароо үчүн референдум күнү ачык болгон. Бирок бул билдирүү жазылып жатканда бир да арыз сотторго же БШКга жолдонгон эмес.

**Жергиликтүү жана эл аралык байкоочулар**

Демократия Коалициясы жана Жарандык Коом (ДКЖК) жана *Таза Шайлоо* менен бир нече бейөкмөт уюмдар узак мөөнөттөгү жана кыска мөөнөттөгү байкоочуларды жайгаштыруу менен референдумга байкоо жүргүздү. Бирок коопсуздук маселелерине байланыштуу Ош жана Жалал-Абадда эки уюм тең чектелүү гана катышыкан. БШК 189 эл аралык байкоочуларын аккредиттеген. Жергиликтүү же эл аралык болобу, тоскоолсуз иштей турган байкоочуларга эч кандай чектөөлөр коюлган эмес. Көп байкоочулардын катышуусу процесстин ачык болушун кучөттү.

**Референдум күнү**

Төмөнкү берилген ой мамлекет боюнча чектелүү сандагы шайлоо участкаларында жана ТРКда ЕККУ/ДИАУБдун РБЧМ байкоочулары менен жүргүзүлгөн байкоого негизделет.

Шайлоо күнү атмосфера тынч болду. Бардык шайлоо участкалары өз убагында ачылды. Милиция, элдик дружина жана башка аскерлер менен бирдикте коопсуздук күчтөрү байкоочулар барган бардык шайлоо участкаларында турушту. Комиссияга саясий партиялар өз өкүлдөрүн аз жиберген. Кээде жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү участкалардын ичинде жүрүштү.

Байкоочулар барган участкаларда даярдык жана участкалардын жайгашышы тийиштүү түрдө, ал эми добуш берүү процесси тартиптүү өтүп жатты. Байкоо учурунда УРК мүчөлөрү профессионалдык деңгээлде процедураларды жүргүзүүсү жана процессти алып жүрүүсү байкалган. Бирок кээ бир байкалуучу участкаларда белгилөө процесси тийиштүү түрдө болгон жок. Андан тышкары, референдум катышуучунун чечими көп учурда ачык болуп жатты, анткени тийиштүү түрдө бюллетень бүктөлгөн эмес, ал добуш берүү сырын бузушу мүмкүн.

Байкалуучу жыйынтыктарды саноо жана жыйынтыктоо процесси белгиленген тартипке аз ылайык келген жана тийиштүү түрдө администрлештирген эмес.

Добуштарды саноо процедуралары, ошондой эле добуштарды соноодо жана протоколдорду толтурууда тийиштүү түрдө сакталган эмес. Шайлоо участкаларынын биринде жергиликтүү администрациянын кызматчыларынын кийлигишүү фактысы байкалган. ТРКда протоколдорду кабыл алуу процедурасы көп учурда жаңылышкан жана кечиктирилгени байкалган. ТРКнын мүчөлөрү менен процедуралды түшүнүүсү жетишсиз экендиги көрүндү. ЕККУ/ДИАУБдун РБЧМнын байкоочулар командасын жыйынтыктоо процессине ТРКга кирүүгө уруксат берилген эмес. Ошондой эле, УРК протоколдорунун бланктары калем сап менен толтурулганына карабастан протоколдор карандаш менен толтурулуп, кийин акыркы маалыматты ГАС Шайлоого берүүдө өзгөртүлгөн.

Ачыктыкты камсыздоо максатында БШК шайлоонун жыйынтыктары тууралуу протоколдопду тез жарыялап жатты, бул кызыкдар тараптарга шайлоонун тактыгын салыштырууга мүмкүндүк түздү.

***Ушул жарыянын англис тилиндеги версиясы жалгыз расмий документ болуп эсептелет. Кыргыз жана орус тилдериндеги расмий эмес котормосу бар.***

## Миссиянын маалыматы жана ыраазычылыгы

Кыргыз Республикасынын бийлигинен алынган чакыруудан кийин Бишкек шаарында жайгашкан, 13 мүчөдөн турган негизги команданын түзүмүндөгү референдумду байкоо боюнча ЕККУ/ДИАУБдун миссиясы 2010-ж. 21-майында ачылды. Он төрт узак мөөнөттөгү байкоочулар башында өлкөнүн аймагында жайгаштырылган. Миссияда 19 мамлекет-катышуучулары көрсөтүлгөн. Миссиянын башында Борис Флерц элчиси турат.

Коопсуздук маселелерине байланыштуу 18-июнда ЕККУ/ДИАУБ референдумду байкоого кыска мөөнөттөгү байкоочуларды жибербөөнү чечти. Миссия Референдумду Байкоо боюнча Чектелген Миссиянын (РБЧМ) форматында процессти байкоону уланткан.

ЕККУ/ДИАУБ Кыргыз Респбликасынын бийлигинин рефендумга байкоо жүргүзүүгө чакыргандыгына, Шайлоо жана референдум боюнча Борбордук Коммисиянын жана Тышкы Иштер Министрлигинин колдоосуна жана кызматташтыгына ыраазычылыгын билдирет.

Кошумча маалымат боюнча:

- Борис Флерц элчисине, Бишкек шаарындагы ЕККУ/ДИАУБнун РБЧМ башчысы, (+996 312 681 608) телефону боюнча;

- Йенс Эшенбэхур мырзага, ЕККУ/ДИАУБ өкүлү (+ 48 603 683 122); же Николь Шмидт айымга, Варшавадагы ЕККУ/ДИАУБнун Шайлоо боюнча улук кеңешчисине (+ 48 22 5200 600) кайрылсаңыздар болот.

**ЕККУ/ДИАУБнун РБЧМнын офисинин дареги:**
Сүйүмбаев көч., 55, 720011
Бишкек ш., Кыргыз республикасы
Тел.: +996 312 68 1608; Факс: +996 312 681721
Email: office@eom.kg